# ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ
# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
# PEDAGOGICAL SCIENCES

*Акматов Ө.С., Дурусбек кызы Т.*

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕП ЖАШЫНДАГЫ БАЛДАРДЫН СОЦИАЛДАШУУСУНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГИКАНЫН ОРДУ

*Акматов О.С., Дурусбек кызы Т.*

## МЕСТО СОЦИАЛЬНОЙ ПЕДАГОГИКИ В СОЦИАЛИЗАЦИИ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО И ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

*O.S. Akmatov, Durusbek kyzy T.*

## THE ROLE OF SOCIAL PEDAGOGICS IN THE SOCIALIZATION OF PRE-SCHOOL AND SCHOOL AGE CHILDREN

*УДК: 378.37.013/69*

*Макалада Кыргызстандагы мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдардын социалдашуусундагы олуттуу көйгөйлөр менен физиологиялык, психологиялык ошондой эле, социалдык мүнөздүк өзгөчөлүктөргө талдоо жүргүзүлүп, андагы социалдык педагогиканын маанилүү орду концептуалдуу иликтөөгө алынган. Балдарды тарбиялоо жараянында түрдүү социожаратылыштык жана социомаданий өңүттөр – анын ичинде социалдык саясий кырдаалдар, этноменталдык жагдай, убакыт менен мейкиндик, ааламдын табийгый жашоо мыйзамы, экологиялык абал ж.б.у.с. көп кырдуу кубулуштардын таасирлери маанилүү роль ойноору айгинеленген. Жеке инсандын – анын ичинде мектеп баласынын социалдык чөйрөгө социалдашуусуна таасир этүүчү негизги факторлору белгиленип, алардын табийгый жана маданий өңүттөрү ачып көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *социалдык иштер, социалдашуу, социалдашуунун факторлору, социалдашуунун этаптары, социалдык педагогика, социалдык тарбия, мектепке чейинки балдар, мектеп жашындагы балдар, ата-эне.*

*В этой статье концептуально анализируются архиважные проблемы детей дошкольного и школьного возраста Кыргызстана в процессе социализации к социальной сфере, а также, рассматривается физиологические развития, психологические особенности и социально характерные детерминанты и значимости места социальной педагогики в нём. Выявлена роль влияний многогранных явлений – социоприродные и социокультурные аспекты в процессе воспитания детей, этноментальные особенности, социально-политические обстановки общества, время и пространство, естественные закономерности вселенной, экологические положения и.др. Отмечая основные факторы социализаций влияющих социальную сферу индивида, в том числе детей дошкольного и школьного возраста, выражены их природные и культурные основные аспекты процесса социального воспитания.*

***Ключевые слова:*** *социальная работа, социализация, факторы социализации, этапы социализации, социальная педагогика, социальное воспитание, дети дошкольного и школьного возраста, родители.*

*This article conceptually analyzes the archival problems of children of preschool and school age in Kyrgyzstan in the process of socialization to the social sphere, and also examines the physiological development, psychological characteristics and socially characteristic determinants and significance of the place of social pedagogy in it. The roleof influences of multifaceted phenomena is revealed - socio-natural and sociocultural aspects in the process of raising children, ethno-mental peculiarities, sociopolitical settings of society, time and space, natural laws of the universe, ecological situations, etc. Noting the main factors of socialization affecting the social sphere of the individual, including children of preschool and school age, expressed their natural and cultural main aspects of the process of social education.*

***Key words:*** *social work, socialization, the factors of socialization, social pedagogics, social upbringing, children of preschool and school age, parents.*

Мектеп жашына чейинки бала инсан катары белгилүү психологиялык, таанып билүүчүлүк жана физиологиялык өңүттө жекече уникалдуу өзгөчөлүктөргө ээ болуп, башкалардан айырмаланат. Баланын инсандык өзгөчөлүгү – мүнөзүнүн жана психологиялык адаптациялык процесстеринин улам тездик менен калыптанышынан жана бат-бат өзгөрүлмөлүүлүгүнөн байкалат. Бала коомдун мүчөсү катары жүрүм-турумдун жаңы өзгөчөлүктөрүн үйрөнөт.

Мектеп жашындагы балдар арасындагы селсаяктык, өспүрүмдөр арасындагы аракечтик, сойкулук,

кылмыштуулук, баңгичилик сыяктуу терс көрүнүштөргө каршы күрөшүү, изилдөөчүлөрдү педагогика менен социалдык иштердин теориялык жана практикалык өңүттөгү карым-катыштарын чыңалтууга багыттап олтурат. Жогорудагыдай социалдык проблемаларды жоюууда педагогдор менен социалдык кызматкерлердин жана жалпы коомчулуктун иштиктүү аракети талап кылынууда.

Мына ошондой зарылчылыктан улам социалдык иштердин билим берүү системасына толук кандуу аралашышына зарылдык келип чыгып олтурат. Мектеп жашындагы балдардын “социалдык жетимдик”, “көчө балдары”, “чектен чыгуучулук” сыяктуу терс агымдардын жаман жүрүм-турумга кабылуусу – учурдун актуалдуу маселелеринен экендиги талашсыз. Белгиленген эки кесиптик ишмердүүлүктүн функционалдык миссияларын бирдиктүү бир максатка топтогон – “социалдык педагог” – кесиби заманбап талаптардын мүдөөсүнө ылайык ишке ашып олтурат. Чет өлкөлөрдө: АКШ, Англия, Германия ж.б. өлкөлөрдө – мындай саамалыктар эчак эле жүзөгө ашып, мыкты жетишкендиктерге алып келүүдө.

Социалдык педагог түшүнүгү – жаштардын жалпы маданиятынын калыптануусуна, инсандын коомдогу жашоого адаптацияланусуна, мектепке чейинки мекемелер менен окуу жайларда, же, жаштардын башка мекемелеринде, топторунда тарбиялык иштерди уюштурууга жооп берген – заманбап кесип ээси. Социалдык педагог – окуучулардын укук эркиндиктерин жүзөгө ашырууга ыңгайлуу жана коопсуз жагдайларды түзүүгө, алардын жашоосунун, саламатчылыгынын коопсуздугун камсыз кылууга, жалпыга милдеттүү билим алуунун жүзөгө ашырылуусуна, сергек жашоо образын үгүттөөгө көмөк көрсөтөт.

Балдарды тарбиялоо жараянында түрдүү социожаратылыштык жана социомаданий өңүттөр – анын ичинде социалдык саясий кырдаалдар, этноменталитеттик жагдай, убакыт менен мейкиндик, ааламдын табийгый жашоо мыйзамы, экологиялык абал ж.б.у.с. көп кырдуу кубулуштардын таасирлери маанилүү роль ойнойт. Жеке инсандын – анын ичинде мектеп баласынын социалдык чөйрөгө социалдашуусуна таасир этүүчү төмөнкүдөй негизги факторлорун белгилөөгө болот. Алар:

- *мегафактор:* аалам (космос), планета, континент ж.б.у.с.;
- *макрофактор:* өлкөлөр, коомчулук, мамлекет, этнос ж.б.у.с.;
- *мезофактор:* аймактар, шаарлар, шаар тибиндеги кыштактар, айыл-кыштактар, жергиликтүү (муниципалдык) башкаруу системалары, ММК, субмаданияттар ж.б.у.с.;
- *микрофактор:* үй-бүлө, кошуналар, курдаштар, достор, классташтар, тайпалаштар, айылдаштар, жердештер, диний уюмдар, тарбиялоочу мекемелер – бала бакчалар, мектептер, интернаттар, орто жана жогорку окуу жайлары, маданият үйлөрү, клубдар – микросоциум.

Жогоруда белгиленген ар бир факторлордун балага өз алдынча таасир этүүчү мүнөздук өзгөчөлүктөрү бар. Алардын өз алдынча тааир этүүчү мүнөздүк өзгөчөлүктөрү бир нече социалдык педагогикалык илимий адабияттарда талдоого алынган. Менимче аларга кайрадан токтолуп олтуруунун кажети жоктур. Мына ошол тааир этүүчү мүнөздүк өзгөчөлүктөр адамдын сырткы чөйрөгө карата мамилелерин аныктайт.

Баланын социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусунунун (социалдашуусунун) негизги үч ыкмасы жөнүндө төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот. Алар:

*Социожаратылыштык мамиле.* Мында анатомиялык-физиологиялык жана социалдык-психологиялык өңүттөгү багыттар каралат. Балдардын жыныстык өзгөчөлөгүнө карап социалдык ролдорду бөлүштүрүү, этикалык компоненттердин кинесиологиялык тилдер символикасы негизги мааниге ээ. Кинесиологиялык тилдер символикасы өзүнө: жаңсоо, мимика, манера, поза пантомимика ж.б.у.с. камтып турат. Тажрыйбалардын негизинде жыныстык ролдорго тиешелүү гигиена, режим, тамактануу, ден-соолугун сактоодогу жөндөмдүүлүк, организимди айыктыруу, дене чыңдуулугу, психо-физиологиялык абалды башкаруу негизиндеги аракеттер эсептелинет.

Мында табийгыйлуулук (естественность) менен маданийлик жагдайларды айкалыштыруу багыты: ден-соолукту чыңдоо; күч жөндөмдүүлүгүн өздөштүрүү; курактык физио-анатомиялык өсүү нормасына жооп берүү; өз денесин таанып билүү; дене өзгөчөлүктөрүнүн өзгөрүүсүн кабылдоо; маскулисттик жана феминисттик нормаларды өздөштүрүү; өздүгүн таануу; жыныстык жүрүм-турумун өздөштүрүү; этикет жана символикаларды таанып билүүгө үйрөтүү максатталат.

Социомаданий мамиле. Мында таанып билүүчүлүк, адептик жана көркөм чыгармачылык өңүттөрдүн интеграциялык спецификациялык ар бир курактык этапта конкреттүү социумдун негизинде – өзүнүн тарыхый өнүгүүсүн аныктайт. Анда эки жагдай: биринчиси – вербалдашкан форма; ал эми, экинчиси – социалдык практиканын жана социалдык жүрүм-турумдун, социалдык салт, психологиялык стереотиптердин, курчап турган айлана-чөйрөдөгү социалдык мамилелердин кабыл алынган мыйзамдуулугу ишке ашат. Ал эми, социалдык салт түшүнүгү элдик тарбия же, элдик педагогика түшүнүгү менен ширелишкен. «Элдик педагогика – бул баарыдан мурда тигил же, бул улуттун социалдык турмушунун практикасы, таалим-тарбия жаатындагы предметтүү, жөрөлгөлүү иш-аракеттеринин бөтөнчө системасы» [1].

Демек, мындай социомаданий багытта: баланын билимин, билгичтигин, жөндөмдүүлүгүн, көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү негизги мааниге ээ. Баланын таанып билүүсүн, адамдар менен карым-катнаш жөндөмдүүлүгүн, ички жана тышкы проблемаларды түшүнүү жөндөмдүүлүктөрүн, үй-бүлөдөгү башка мүчөлөр, группасы, кесиптештери, курсташтары, группалык социум түшүнүгүн өстүрүү – талаптары жатат.

*Социалдык-психологиялык мамиле.* Мындай багытка инсандын акыл-эстик таанып билүүсүнүн жашоо турмушундагы активдештирилген аныктоосу менен өзүн-өзү ишке ашыруу, өзүн-өзү ишендирүү, өзүн-өзү башкаруу, жазалоо, мактоо, сыйлоо – процесстери кирет. Мында – социалдык-психологиялык багытта: өзүн-өзү кабыл алуу, аң-сезимине байланыштуу өзүн-өзү ынандыруу; актуалдуу жашоо образына өзүн-өзү ишендирүү; өзүнүн перспективаларын (артыкчылык жана кемчилик) таанып билүү;өзүнө жана башкаларга болгон кабылдоо жана түшүнүү аң-сезиминин өсүүсү; жашоо образынын жана шарттарынын реалдуулугуна адаптацияланышы; инсандар аралык жана ички инсандык конфликти чечүү өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулат.

Индивиддин социалдашуу жараянында социалдашуунун этаптары өзгөчө мааниге ээ. Мында индивиддин курактык өзгөчөлүгүнө карата иш алып баруу максатка ылайык. Социалдык педагогикалык иликтөөлөргө ылайык курактык өзгөчөлүктөрдү төмөндөгүдөй этаптарда классификациялоого болот. Алар:

- *бөбөктүк курак* – төрөлгөндөн бир жашка чейин;
- *эрте балалык курак* – 1 жаштан 3 жашка чейин;
- *мектепке чейинки курак* – 3 жаштан 6 жашка чейин;
- *башталгыч мектептик курак* – 6 жаштан 10 жашка чейин;
- *кичи өспүрүм курак* – 10 жаштан 12 жашка чейин;
- *улуу өспүрүм курак* –12 жаштан 14 жашка чейин;
- *эрте жаш курак* – 15 жаштан 17 жашка чейин;
- *жигиттиккурак* – 18 жаштан 23, 25 жашка чейин;
- *жаштык курак* – 23, 25 жаштан 30, 35 жашка чейин;
- *орто жаш* – 30, 35 жаштан 40, 45 жашка чейин;
- *кечки орто жаш курак* – 40,45 жаштан 55, 60 жашка чейин;
- *улгайган курак* – бүткүл дүйнөлүк геронтология илимине таянсак – 60 жаштан 75 жашка чейин;
- *каарылык курак* – 75 жаштан 90 жашка чейин;
- *узак жашоочулар* – 90 жаштан жогоркулар.

Өзгөчө мектепке чейинки жана мектеп жашындагы куракташылардын социалдашуу агенттери катары көмөк көрсөтүүчү субъектилер: ата-энелер, педагогдор, курдаштар, классташтар, кошуналар, туугандар – микросоциум – масштабдуулугу тар чөйрөдө болгондугуна карабастан баланын оң жана терс социалдашуусунда маанилүү роль ойнойт. Айрыкча мектеп системасында ата-эненин таасир берүүчү орду абдан жогору.

Баалуулуктар контекстинде ата-эне баланын изгиликтүү тарбиясы үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшаары баарыбызгы маалым. Бирок, ошол эле учурда социалдашуунун терс кубулуштары, анын социалдык детерминанты жана курмандыктары кооптуу маселе. Мына ошол виктимологиялык планда ата-эненин таасиринен келип чыккан социалдашуунун жыйынтыктарына көңүл бөлөлү.

*Бөбөктүк курак мезгилинде* жана ага чейинки мезгилде социалдашуунун виктимдүүлүгү катары төмөндөгүдөй коркунучтарды басып өтүшөт. Анда: ооруулуу ата-энелер, туугандаш энелер, жашоо образы асоциалдык жана араккечтикке жана баңгиликке чалдыккан энелер, эненин начар тамактанышы – аз кандуулук, терс эмоционалдык психологияда болушу, медициналык катачылыктар, начар экологиялык чөйрө ж.б.у.с.

*Мектепке чейинки куракта* ооруу жана денелик жабыркоо, ата-энелердин аморалдык жана моралдан сырт жүрүм-туруму – ата-эненин балага терс таасир берет. Ата-эненин балага терс таасири – баланын кароосуз же, таштанды болушуна, үй-бүлөнүн жакырдыгына өбөлгө түзөт. Балдарды тарбиялоочу мекемелердин кайдыгер мамилеси, коңшу үй-бүлөлөрдүн анын балдарынын антисоциалдык позициясы жана коррекциялык, абилитациялык жана реабилитациялык иш-чаралардын жоктугу – социалдашуунун курмандыгына алып келет.

*Башталгыч мектептик куракта* аморалдуулук жана ичкилик менен баңгиликке берилген ата-энелердин баланы камкордуксуз калышына алып келет. Ата-эненин өгөйлүлүгү, гипперопека, ата-энелердин же, досунун, өзүнүн туура эмес сүйлөшү, ата-эненин баланы тарбиялоого татыксыздыгы, мугалимдин окутууга даяр эместиги, курдаштардын денгээлинин төмөндүгү, кумирлердин же, чоң адамдардын терс таасири, баланын денелик жаракат алышы жана дефекттердин пайда болушу, ата-энесин жоготуусу – социалдык жетимдикти пайда кылат. Көбүнчө социалдык жетимдер зордуктоого дуушар болушат.

*Өспүрүм куракта* ата-эненин аморалдуулугу, аракечтиги, гипперопека, видеокөрүүлөр, компютердик оюндар, педагог же, ата-эненин катачылыктары, таксикомания, зордуктоо, чегүү, мыйзам бузуучулар, психосоциалдык өнүгүүдөгү алдыга озуп кетүү же, артта калуусу, үй-бүлөнүн көчүп жүрүүсү, ата-эненин ажырашуусу кедергисин тийгизет. Анын кесепеттери мектеп куракташы баланын социалдык нормалардан четтөөсүнө, селсаяктыкка алып келет.

*Эрте жаш куракта* мектеп окуучусу асоциалдык үй-бүлөнүн, үй-бүлөнүн жакырдыгынын, ата-

эненин баңгилик, араккечтик сыяктуу терс жүрүм-турумунун кесепетинен чектен чыгуу багытына кириптер болуусу күтүлөт. Натыйжада, мектеп окуучусу дейди жолдорго: сойкулук, эрте бойго бүтүү, кылмыштуулук группаларына кошулуу, токсикомания, жалгыздык, карама-каршы жыныстагы адамга болгон мамилесиндеги ийгиликсиздик, идеялдардын карама-каршы туруусу, стериотиптердин жана реалдуулуктун дал келбөөсү, жашоо перспективасынын жоктугу сыяктуу дезадаптациялык кубулуштарга кириптер болоору бышык.

Жогоруда белгиленгендей, балдардын дезадаптациялык калыптануусу коомдук жана жалпы адамзаттык көйгөй болуп саналат. Мындай терс адаптациялык социалдашууну алдын алуу, социалдык-педагогикалык жана социалдык-психологиялык профилактикалык иштерди алып баруу дайыма зарылдыкты туудурат.

Кароосуз калуучулукту, селсаяктыкты, бейадептүүлүктү алдын алуу; ата-энелердин күнөөсү менен же, экстремалдык шарттарда күч колдонулган же, психикалык зомбулукка учураган балдарга психологиялык-медициналык жардам көрсөтүү; балдарда жана өспүрүмдөрдө жүрүм-турумдардын туура формаларын, айланадагылар менен мамилешүүнүн туура жолдорун калыптандыруу; ата-энесиз калган балдарга асыроочулук функциясын камсыздоо; инсандын кризистик абалын жоюу үчүн психологиялык жана педагогикалык колдоо көрсөтүү; билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу; эртенки жашоосуна кам көрүү [2] – балдарды социалдык коргоо, колдоо жана өнүктүрүү – социалдык абилитациялоо жана реабилитациялоо болуп саналат.

Салттуу социалдык-педагогикалык тарбия менен заманбап социалдык технологияларды айкалыштыруу аркылуу балдарды социомаданий багытта социалдаштыруу – социалдык иштер менен социалдык педагогиканын максаттуу иш аракеттери болууга тийиш. Айрыкча, абилитациялык жана реабилитациялык иштерди мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдардын турмушунда үзгүлтүксүз жүргүзүү – объективдүү зарылдыкты туудурат.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк. - Бишкек, 1996.
2. Технология социальной работы. - М., 2002. - 29с.
3. Личность и воспитание: роль образовательных технологий в соврем.школе / Материалы междунар. конф. Ч. 2. - Ош: Ош. - М., 2001. - 341с.
4. Мудрик А.В. Социальная педагогика: / Под редакцией В.А. Сластенина. - 3-е изд., испр. И доп. - М.: Изд. центр «Академия», 2002. - 200 с.
5. Социальная педагогика / Под редакцией В.А. Никитина. - М.: Гуманит. Изд. центр ВЛАДОС, 2002. - 272 с.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Бабаева А.Д.**